КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

31-январь 2025-ж.

№ 21

г. Бишкек

**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтуна караштуу Д 06.24.692 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2024-жылдын 8-январындагы № 01 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2025-жылдын 30-январындагы № 047 токтомунун (№ 1д/к-4/14 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтуна караштуу Д 06.24.692 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2024-жылдын 8-январындагы № 01 буйругуна өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Диссертациялык кеңештин курамынан төмөнкү мүчөлөрү чыгарылсын:

- 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу, генетика жана репродукциянын биотехникасы (авторефераты) адистиги боюнча а.ч.и.д., проф. Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу;
- 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу, генетика жана репродукциянын биотехникасы (авторефераты) адистиги боюнча а.ч.и.д., проф. Дуйшекеев Омуркул Дуйшекеевич мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу.

2. Диссертациялык кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтунун жаныбарлардын генетикасы жана морфологиясы лабораториясынын башчысы а.ч.и.д., проф. Лущихина Евгения Михайловна 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу, генетика жана репродукциянын биотехникасы (авторефераты) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- Казакстан Республикасынын Казак мал чарба жана тоют даярдоо илим-изилдөө институтунун илимий кеңешчиси а.ч.и.д., у.и.к. Тамаровский Михаил Владимирович 06.02.10 – жеке зоотехния, тоюттандыруу, тоюттарды даярдоонун жана мал чарба азыктарын өндүрүүнүн технологиялары (авторефераты) жана 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу, генетика жана репродукциянын биотехникасы (эмгектеринин жыйындысы) адистиктери боюнча айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

**Төраганын м.а.** **Р. Э. Асизбаев**